# ӨЛКӨ ОШТУН 3000 ЖЫЛДЫГЫНА ДАЯРДАНЫП ЖАТАТ

25-март. Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин "Оштун 3000 жылдыгын майрамдоону өткөрүү жөнүндө" Указы. Анда төмөнкүчө айтылган: Ош кыштагы Борбордук Азияда эң байыркылардын бири болуп санала тургандыгын, Кыргызстандын элинин тарыхында жана маданиятында, анын мамлекеттүүлүгүнүн орношунда өзгөчө орунду ээлегендигин эске алуу, ошондой эле өлкөнүн коомчулугунун көп сандаган сунуштарын көңүлгө алуу менен токтом кыламын: 1. 2000-жыл Оштун 3000 жылдыгын бүткүл элдик майрамдоонун жылы деп жарыялансын. 2. Кыргыз Республикасынын өкмөтү 1996-жылдын 20-майына чейин Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук комитетин түзсүн жана анын Жобосун бекитсин. 3. Кыргызстандын маанилүү маданий-илимий-билимдик жана туристтик борбору катары Ош шаарынын негизги социалдык-инфраструктуралык маселелерин чечүү үчүн маарекеге карата даярдык көрүү мезгили максималдуу пайдаланылсын."

Ушул Указ менен Улуттук уюштуруу комитетине 1996-жылдан 2000-жылга чейинки мезгилге Ош шаарын өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгуу жана 1996-жылдын 20-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө бекитүүгө сунуш кылуу тапшырылган. Указдын аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын социалдык саясат бөлүмүнө жүктөлгөн.

27-май. Кыргыз Республикасынын Премьер-министри А.Жумагулов "Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо боюнча улуттук уюштуруу комитети жөнүндө" № 245-токтомго кол койгон. Кыргыз Республикасынын 1996-жыл 25-марттагы Указын турмушка ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын өкмөтү Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо боюнча Улуттук уюштуруу комитетинин курамын жана ушул Улуттук уюштуруу комитети жөнүндө" жобону бекиткен.

19-сентябрь. Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор А.Муралиев облмамадминистрациянын "Оштун 3000 жылдыгын майрамдоого даярдык көрүү жана аны өткөрүү жөнүндө" № 185-токтомуна кол койгон "Байыркы шаардын көп кылымдык тарыхын, анын Кыргызстандын элинин тарыхындагы жана маданиятындагы бөтөнчө маанилүү ролун эске алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Указын орундатуу үчүн облмамадминистрация бир катар чараларды кабыл алган жана белгиленген максатка карата практика жүзүндө кадамдарды жасаган. Мисалы, Оштун 3000 жылдыгын майрамдоого карата даярдык көрүү боюнча облустук уюштуруу комитетинин курамы жана ал жөнүндө жобо бекитилген. Демөөрчүлөрдү, инвесторлорду, меценаттарды, чет элдик ишкер шериктештерди, башка каражат кошуучуларды жандуу түрдө тартуу, ошондой эле масштабдуу рекламалык ишти жүргүзүү үчүн "Сулайман—Тоо-Ош-3000" коомдук фонду түзүлгөн, Б.Нурунбетов, Б.Бешимов, Ж.Текенов башында турушкан жумушчу тайпасына "Ош-3000" илимий жактан негизделген идеологиялык программаны даярдоо тапшырылган. Илимий-теориялык изилдөөлөрдү тереңдетүү үчүн ушул эле тайпага көрүнүктүү окумуштууларды, тарыхчыларды этнографтарды, археологдорду тартуу тапшырылган. Жумушчу тайпасынын ишин өз ара айкалыштыруу Б.Нурунбетовго жүктөлгөн.

"Ошол учурда М.Алыкулов жетекчилик кылган Ош шаардык мамадминистрация Кыргыз Республикасынын Указынын 3-пунктун орундатууну камсыз кылбагандыгына" байланыштуу ал жана облустук капиталдык курулуш башкармасынын жетекчилиги 25-сентябрга чейинки мөөнөттө "облустук жана шаардык капиталдык курулуш башкармаларынын базасында Оштун 3000 жылдыгын майрамдоо боюнча башкы дирекциясын түзүүгө, ушул дирекциянын жобосун, структурасын иштеп чыгууга жана аны финансылоонун көлөмүн аныктоого милдеттендирилген."

Ушул токтом менен Оштун инженердик-архитектуралык инфраструктурасын түзүү боюнча чаралардын планын, ошондой эле "Ош-3000", "Сулайман—Тоо", "Ош—Улуу жибек жолу" долбоорлорун иштеп чыгууга жана бекитүүгө сунуш кылуу каралган. 1996-жылдан 2000-жылга чейинки мезгилге Ош шаарын өнүктүрүүнүн программасын бекитүүгө киргизүүнүн мөөнөтү бекемделген, бул 25-сентябрда болгон. Райшаармамадминистрациялардын башчылары ылайыктуу уюштуруу комитеттерин түзүүгө, чаралардын пландарын иштеп чыгууга жана бекитүүгө милдеттендирилген. Маданият башкармасына Ош шаардык мамадминистрациясы менен биргеликте Оштун мыкты эмблемасына жана Ош жөнүндө мыкты ырга сынактын жобосун иштеп чыгуу жана сынак жарыялоо тапшырылган

ОшМУнун ректору Б. Бешимовго жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын түштүк бөлүмүнүн директору Ж.Текеновго Оштун 3000 жылдыгына арналган эл аралык илимий-теориялык конференцияны уюштуруу жана аны 1997 жылдын май айында өткөрүү тапшырылган.

3-октябрь. Облмамадминистрация "Ош-3000 башкы дирекциясы жөнүндө" токтом чыгарган, ал облустук жана шаардык капиталдык курулуш башкармаларынын базасында түзүлөт.

(Уландысы 4-бетте.)

# ӨЛКӨ ОШТУН 3000 ЖЫЛДЫГЫНА ДАЯРДАНЫП ЖАТАТ

(Башт. 2 бетте)

Дирекциянын аппарат кызматкерлеринин чектелген саны аныкталган, алардын баары беш киши (тейлөөчү кызматкерсиз)

Ошону менен бирге дирекция үчүн транспорт (жападан-жалгыз автомобиль) техникалык каражаттар, жабдуулар жөнүндө маселе чечилген.

Облмамадминистрациянын ошолэле токтому менен (№ 207) "Ош-3000" башкы дирекциясы жөнүндө жобо бекитилген, Ал "Ош шаарынын 3000 жылдыгын майрамдоого карата даярдык көрүү боюнча Оштогу уюштуруу комитетинин алдындагы ыйгарым укуктуу жумушчу органы" болуп саналат.

18-октябрь. Облмамадминистрация "Сулайман-Тоо-Ош-3000" коомдук фонду жөнүндө" токтом чыгарган, 19-сентябрда анын № 185-токтому менен мурда түзүлгөн фонд каражаттарды тартууда маанилүү роль ойноого, ошону менен Оштун 3000 жылдыгын майрамдоого карата даярдык көрүү боюнча чараларды практика жүзүндө турмушка ашырууну камсыз кылууга чакырылган.

Ушул коомдук фонддун президенттигине ОшМУнун ректору Б.Бешимов дайындалган. Ага аткаруучу дирекцияны түзүү жана фонддун структурасын аныктоо, фонддун каражаттарын максаттуу пайдаланууга көзөмөлдөө жүргүзүү үчүн көз карандысыз байкоочу Кеңеш түзүү, фонддун жобосун иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте аны мамлекеттик каттоодон өткөрүү тапшырылган.

21-октябрь. Облмамадминистрация "Ош-3000", "Сулайман-Тоо", "Ош—Улуу жибек жолу" долбоорлорун турмушка ашыруу жөнүндө" № 212-буйругун чыгарган. Ош шаардык мамадминистрациясынын башчысынын биринчи орун басары Ж.Шарипов (азыркы учурда бул долбоорду 28-ноябрда облмамадминистрациянын № 254- буйругу менен долбоордун жетекчилигине дайындалган Ош шаардык мамадминистрациясынын башчысы Ж.Раимбеков жетектейт). Архитектура жана курулуш башкармасынын начальниги М.Төлөнбаев, туризм жана спорт боюнча комитеттин төрагасы Б.Шамиев ушул долбоорлордун жетекчилери болуп дайындалган.

Ушул жетекчилерге 25-октябрга чейинки мөөнөттө долбоорлорду турмушка ашыруу боюнча практикалык чаралардын инженердик-инфраструктурасын жана планын иштеп чыгуу жана облустук уюштуруу комитетинин бекитүүсүнө киргизүү тапшырылган. Ошондой эле алар жетектөөчү адистердин: архитекторлорду, тарыхчыларды, археологдорду долбоорлорду орундатууга, тартууга милдеттендирилген, Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө облустун мамадминистрациясынын социалдык жана маданий өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, Оштун 3000 жылдыгын даярдоо жана майрамдоо боюнча облустук уюштуруу комитетинин жооптуу катчысы Ж.Ы. Исаковго жүктөлгөн.

27-ноябрь. Облмамадминистрациянын "Ош-3000" символикасы жөнүндө" № 297-токтому менен облустук архитектура жана курулуш башкармасына (М.Төлөнбаев), сүрөтчүлөр бирлигине (М.Камчыбеков), көркөм фондуна (Э.Ж.Абдылдаев) 1-декабрга чейин ушундай символиканын эскиздерин иштеп чыгуу жана бекитүүгө сунуш кылуу тапшырылган. "Сулайман-Тоо—Ош-3000" коомдук фондунун президенти Б.Бешимов фонддун алдында "Ош-3000" символикасын пайдаланууга лицензия берүү укугу менен эксперттик тайпа түзүүгө жана 1-декабрга чейин ушул символиканы пайдалануу жөнүндө жобону иштеп чыгууга милдеттендирилген.

Ошолэле замат менчиктин бардык формаларынын чарба жүргүзүүчү субъектилерине жана физикалык тараптарга мында аталган фонддун эксперттик тайпасынын лицензиясынын "Ош-3000" символикасын пайдаланууга тыюу салынган. Андан калса, тыюу салуу олуттуу: символиканы пайдалдануунү көзөмөлдөө статистика органдарына, салык инспекциясына, монополияга каршы саясат боюнча департаментке жүктөлгөн.

9-декабрь. Облмамадминистрациянын "Эксперттер статусун берүү жөнүндө" № 309-токтому менен "Ош-3000" илимий жактан негизделген идеологиялык программанын эгедерлери Б.Нурунбетовго, Б.Бешимовго, Ж.Текеновго, Т.Сарыковго жана башкаларга "Ош-3000", "Сулайман-Тоо", "Ош-Улуу жибек жолу" долбоорлорун бекитүү боюнча эксперттердин милдеттери жүктөлгөн.

Долбоорлордун жетекчилерине концепцияларды иштеп чыгууда жана бекитүүдө ушул программанын эгедерлерин эксперт катары тартуу да тапшырылган.

13-декабрда облмамадминистрациянын токтому (№ 320) менен "Сулайман—Тоо-Ош-3000" коомдук фонду жөнүндө жобо бекитилген. Фонддун мамлекеттик каттоо алдында турат. Фонддун аткаруучу директорлугуна С.Акматов дайындалган. Көз карандысыз байкоочу кеңештин 5 адамдан турган курамы бекитилген.

Ушул эле күнү облмамадминистрациянын буйругу (№ 282-б) менен архитектура жана курулуш башкармасынын начальниги, "Сулайман-Тоо" долбоорунун жетекчиси М. Төлөнбаев "Ош-3000-Ак-Буура" жумушчу тайпасын түзүүгө жана 20-декабрга чейин ушул жумушчу тайпасынын биринчи кезектеги чараларын иштеп чыгууга жана облустук уюштуруу комитетинин бекитүүсүнө киргизүүгө милдеттендирилген. Аны менен кызматташуу үчүн анын курамына облустук санитардык- эпидемиологиялык бекеттин курчап турган чөйрөнү коргоонун аймактык башкармасынын, облустук суу чарба башкармасынын, "Табият" коомдук тайпасынын адистерин тартуу белгиленген.

1997-ЖЫЛ

5-январь. Облмамадминистрациянын 1-токтому менен сүрөтчү Б.К.Молдошев иштеп чыккан, облустук сүрөтчүлөр бирлиги жана көркөм фонду тарабынан коюлган "Ош-3000" символикасы бекитилген. Жалпысынан композиция байыркы Ош шаарынын айырмалануучу белгилери бар тегеректи көрсөтөт, ал бир түрдүү кочкул кызыл түстө аткарылган. Композициянын чордонунда Сулайман-Тоосунун жана чыгып келе жаткан Күндүн сөлөкөтү, ал "Ош-3000" катары окулат. Төгөрөк боюнча тартылган төө кербени Улуу жибек жолун символдоштурат. Бул Оштун өтө байыркылуулугун белгилейт. Сүрөтчүлөр жана архитекторлор тарабынан иштелип чыгылган "Ош-3000" символикасынын эскиздик варианттарынын бир катарын кароодо ушул көркөм чечүү графикасынын жупунулугу, келбеттүүлүгү профессионалдуулугу, бүтүндөйлүгү баса белгиленген. Акырында алдыдагы майрамдын көптөн күтүлгөн эмблемасы табылган.